**ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР**
**АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч. АЙТМАТОВ атындагы**
**ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Д 10.24.700 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

**Кол жазма укугунда**
**УДК:811.512.154 (575.2)(043.3)**

**Токошева Жамила Аттокуровна**

# МАХМУД КАШКАРИНИН «ДИВАН-И ЛУГАТ АТ-ТҮРК» СӨЗДҮГҮНДӨГҮ УҢГУ СӨЗДӨР (АТООЧ СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮ) ЖАНА АЛАРДЫН АЗЫРКЫ КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КАТЫШТЫГЫ

**10.02.01 – кыргыз тил**

**Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2025**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тил илими кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Ибрагимов Сүйүнбек**
филология илимдеринин доктору, профессор, К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Абдыкеримова Аида Эсенгуловна**
филология илимдеринин доктору, доцент, К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын профессору

**Кочорова Гүлүмкан Осмоновна**
филология илимдеринин кандидаты, Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын доцентинин милдетин аткаруучу

**Жетектөөчү мекеме:** Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Гуманитардык факультетинин филология бөлүмү (720044, Бишкек шаары, Жал кичи району, Тыналиев көчөсү, 30-43).

Диссертациялык иш 2025-жылдын 27-июнунда саат 13:00дө Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.700 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек ш., Фрунзе көч., 547. Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/102-e6q-jiw-jrm

Диссертация менен Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч., 547), Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун (720071, Бишкек ш.,Чүй проспекти, 265а) илимий китепканаларынан жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан (https://vak.kg/) таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын 26-майында жөнөтүлдү.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**филология илимдеринин доктору** **С. К. Каратаева**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**. Орто кылымдарда лингвистикалык, этнографиялык, фольклордук, географиялык жана тарыхый баалуу маалыматтарды берген Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» китеби ар тараптан изилденүүгө муктаж. Лингвистикалык максат менен андагы сөздөрдүн составы, маанилери, грамматикалык түзүлүштөрү ар тараптан изилденип чыгыш керек. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» китебинин сөздөрү узак убакыттан бери структуралык түзүлүштөрү боюнча да, берген маанилери боюнча да өзгөрүүлөргө учураган. Анын сөздүгүндө атооч сөздөр, этиш сөздөр жана айрым башка түркүмдөгү сөздөр берген маанилери түшүндүрүлүп чагылдырылган.

«Диван-и лугат ат-түрк» китебиндеги атооч сөздөрдүн составы өтө ар түрдүү. Көпчүлүгү буюмдарды, нерселерди жана абстракттуу түшүнүктөрдү туюндурган атоолор менен бирге түрк калктарын, жер-сууларды, жаныбарларды жана башка объектилерди билгизген зат атооч сөздөр. Атооч сөздөрдүн бир бөлүгүн сын атооч сөздөр, сан атоочтор, ат атоочтор жана атоочтуктар (алар көп эмес) түзөт. Алар ар кандай заттардын, кубулуштардын, абстракттуу түшүнүктөрдүн аттарын билдирип, дүйнө таануучулук чоң мааниге ээ. Биз ишибизде атооч сөз түркүмдөрүн (зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч) изилдөөгө алдык. Этиш, тактооч, тууранды сөз, кызматчы сөз түркүмдөрү өзүнчө башка изилдөөнүн объектиси болот.

Ушул жагдайдан алып караганда, Махмуд Кашкаринин сөздүгүндөгү атооч сөздөрдү изилдөө аркылуу кыргыз элинин мындан миң жыл мурдагы дүйнө таанымдарынан кеңири түшүнүк алууга, атооч сөздөрдүн составындагы тыбыштык жана морфемалык өзгөрүүлөрдүн сырын ачып чыгууга, азыркы кыргыз тилинин тарыхын аңдап билүүгө баалуу фактыларды берет.

Изилдөө темасынын **актуалдуулугу** төмөндөгү факторлор менен шартталат:

1) Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегинин учурдагы түрк элдеринин лингвоэтномаданий биримдигин күчөтүүдөгү кызматы, анда катталган байыркы тилдик, тарыхый-социалдык, маданий-диндик, фольклордук ж.б. көз караштардын азыркы линвистика үчүн зарылдыгы;

2) эмгекте чагылдырылган атооч сөздөрдүн жана сөз уңгуларынын номинативдик, когнитивдик, кумулятивдик, гносеологиялык ж.б. кызматтарынын пикир алмашуудагы ролунун маанилүүлүгү, аларда баба тилибиздин өз доорундагы фонетикалык, лексика-семантикалык, грамматикалык бөтөнчөлүктөрүнүн кенен берилгендиги;

3) эзелки түрк тилинин түрдүү деңгээлдеги касиеттеринин бүтүндүк катары изилдөөнү талап кылышы, аларды азыркы түрк тилдери менен салыштырып, эки доордогу тилдердин ортосундагы окшоштук менен айырмачылыктардын аныкталышынын түркология үчүн маанилүүлүгү;

4) байыркы жана азыркы тилдердин ортосунда жүргөн тыбыштык, морфологиялык жана лексикалык трансформациялануу процесстеринин ар түрдүүлүгү, семантикалык өзгөрүүлөрдүн түрдүү троптордун таасиринде көп багыттарда жүрүшүнүн изилденбегендиги;

5) байыркы уңгулардын азыркы кыргыз тилине мүнөздүү атооч уңгу сөздөрдүн катышынын татаалдыгы, буларды топтоштуруу, категориялаштыруу маселелеринин түркология жана кыргыз тил илими үчүн баалуулугу, байыркы жана азыркы уңгулардын сингармония жаратууга катышуу өзгөчөлүктөрүнүн изилденбегендиги.

**Иштин илимий-изилдөө программалар жана долбоорлор менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы ОшМУнун кыргыз тил илими кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планынын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты**: Махмуд Кашкари түзгөн «Диван-и лугат ат-түрк» жыйнагындагы уңгу сөздөрдүн азыркы кыргыз тилинде кездешиши жана лексика-грамматикалык маанилериндеги өзгөчөлүктөрдүн себептерин аныктоо, андагы сөздөрдүн байыркы көрүнүштөрү менен азыркысын салыштыруу.

Мына ушул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер алдыга** коюлат:

- Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгү тууралуу жалпы маалымат берүү;
- «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү уңгу сөздөрдүн фонетикалык, грамматикалык, лексикалык жалпылыктарды салыштыруу;
- эмгектеги сөздөр кыргыз адабий тилине мүнөздүү лингвистикалык жалпылыктарды бөлүп көрсөтүү;
- Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгү менен кыргыз тилинин фонетикалык, лексика-грамматикалык окшоштуктарын конкреттүү факты-материалдардын негизинде иликтөө;
- сөздүктөгү лексикалык бирдиктерге тектештирме-тарыхый методдо изилдөө иштерин жүргүзүү;
- «Дивандагы» лексикалык маанилери адабий тил менен биримдикти түзгөн жана маанилери адабий тилден өзгөчөлөнгөн сөздөрдү иликтөөгө алуу.

**Алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы**:

1) Махмуд Кашкаринин сөздүгүндөгү атооч уңгу сөздөрдүн сандык-сапаттык көрсөткүчтөрү аныкталды;

2) сөздүктөгү уңгулардын азыркы кыргыз тилиндеги шайкештиктери белгиленди, алардагы семантикалык жылыштар, өзгөрүүлөр, өтмө маанилер көрсөтүлдү;

3) Махмуд Кашкаринин лугатында чагылдырылган атооч уңгу сөздөрү лексика-тематикалык топторго бөлүштүрүлдү; алардын маани-маңызы

кыргыз жана башка түрк тилдеринин факты-материалдары менен салыштырылды;

4) байыркы түрк тилиндеги сөздөрдүн тыбыштык турпаты, алардын сингармонизмди уюштуруучу касиеттери кыргыз тилинин материалында толук сыпаттоого алынды.

**Иштин практикалык мааниси**. Изилдөөдө Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү сөздөр уңгу түрүндө да, өзгөргөн түрүндө да жолуккандары талдоого алынып, келечекте түшүндүрмө сөздүктү да, тарыхый-этимологиялык сөздүктү да түзүүгө баалуу материал болуп бере алат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизи жоболору:**

1. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгү азыркы түрк тилдеринин байыркы абалын чагылдырууга, ошол доордогу лексикалык-грамматикалык жана фонетикалык бөтөнчөлүктөрүн билип таанууга чоң өбөлгө болот.

2. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегинде ошол доордогу сөздөрдүн баарын толук камтыган деп айтуу кыйын. Айрым негизги сөздөрдөн сырткары ошол сөзгө берилген түшүндүрмөсүнөн табууга болот.

3. Сөздүктө катталган уңгулар өзүнчө категорияларга, топторго жиктелет. Мындай классификация байыркы атоолор үчүн да, жаңы атоолор үчүн да бирдей эле жүргүзүлөт. Бирок мындай семантикалык категориялардын саны, сапаты түрк тилдеринин айырмалуу Махмуд Кашкари жашаган доор менен азыркы мезгил үчүн бирдей болбойт. Азыркы тилдерде байыркы маани түрдүүчө бутакталып, ажырап кеткендигин байкоого болот.

4. Байыркы түрк тилиндеги уңгулардын тыбыштык турпаты азыркылардан айырмаланып турат. Кээде мындай өзгөчөлүк чектүү, бир тараптуу, кээде толук мүнөздө болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Иштин темасын тандоодо, пландын чегинде материал топтоп, иреттеп, чечмелеп, жалпылап чыгуунун өзү автордун жекече салымы болуп эсептелет. Эмгектин текстин даярдоо, жыйналган фактыларды топтоштуруу, сыпаттоо, талдоо иштери автордун жекече иштеринин натыйжасы болуп саналат. Сөздүктөгү куранды жана уланды мүчөлүү уңгу сөздөрдүн ылганбай структуралык талдоого алынышы автордун жеке салымы болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы**. Диссертациянын материалдары боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУдагы, ОшМУдагы, ИСИТОдогу жана башка окуу жайларда өткөн илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалган. Диссертациялык иш Ош аймактык медициналык колледжинин тилдер кафедрасында жана ОшМУнун кыргыз тили илими кафедрасынын кеңейтилген отурумунда талкууланган.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы**. Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча 15 макала жарыяланып, анын ичинде КР УАКтын тизмесине киргендер – 9, РИНЦ индекстөө системасына кирген рецензияланган мезгилдүү илимий басылмалардан чыкканы 6 макала.

**Изилдөөнүн түзүлүшү**. Диссертациялык изилдөө киришүүдөн, үч баптан, таблицалардан, корутундудан, адабияттар тизмесинен жана тиркемеден (189 бет) турат. Иштин жалпы көлөмү – 369 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу, негизги максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого сунуш-талган жоболору жана иштин апробациясы, түзүлүшү тууралуу сөз болот.

**Биринчи бап** «Махмуд Кашкаринин сөздүгүнүн которулушу жана изилдениши» деп аталып, тиешелүү адабияттарга обзор берилди. «Дивандын» жалпы лингвистикада жана түркологияда изилдениши боюнча иликтөөбүзгө түздөн-түз жана кыйыр түрдө тиешеси бар төмөнкү окумуштуулардын эмгектерине обзор жүргүзүлдү: С. Е. Малов (1951), А.Жафероглы (1984), А. Н. Кононов (1972), М. Ширалиев (1972), Э. И. Асланов (1972), А. М. Щербак (1977), К. М. Мусаев (1975) ж.б. Кыргыз тили илиминде Махмуд Кашкаринин китебинин изилдениши боюнча төмөнкү окумуштуулардын эмгектерине анализ берилди: Т. Сыдыкбеков (1982), Б. Орузбаева (1972), А. Акматалиев (2011), К. Артыкбаев (1990), Т. Чоротегин (1990), Т. Ахматов (2011), К. Токтоналиев (2007), К. Саматов (2007), Б. Сагынбаева (2007), А. Абдыразаков (2004), И. Абдувалиев (2013), Т.Токоев (2011), З. Мусабаева (1975), Ж.Жумалиев (2007), М. Толубаев (1991), С. Каратаева (2008), А. Карымшакова (2007), К. Жаманкулова (2011), И. Султаналиев (2015), А.Оморов (2011), Ж.Семенова (2011), Д.Саттаркулов (2002), Г. Бакирова (2011), Р. Коңурбаева (2011), З. Исмаилова (2011), Б. Ж.Усмамбетов (2017), С. Давлатова (2017) ж.б.

**Экинчи бапта** Махмуд Кашкаринин сөздүгүн изилдөө методологиясы жана методдору каралат. Азыркы кезден болжолу миң жыл илгери ар кайсы элдерди, урууларды кыдырып жүрүп чогултулган сөздөрдүн иретке келтирилип, маанилери түшүндүрүлүп жазылган китептин ичиндеги атооч сөздөрдү терип алып азыркы кыргыз тилинин материалдары менен салыштырып карап чыгууда лингвистикалык гана эмес, башка илимдердин да методдорунун тажрыйбаларына кайрылып иш жүргүзүү керек экендиги белгилүү болду. Ошентип лингвистикалык жана адабият, тарых, этнография, география илимдеринин тажрыйбалары пайдаланылды.

Байкоо, анализдөө жана синтездөөлөрдүн терең колдонулушу иштин ийгиликтүү алга жылышын шарттады. Тилдик материалдардын салыштырылышында тарыхый-хронологиялык ыкманын жана

лингвистикалык тарыхый-салыштырма методдун негиздерине кайрылуу ийгиликтерге жетүүгө өбөлгө болду. Кыргыз тил илиминин гана эмес, түркологиянын, жалпы тил илиминин жетишкендиктерин изилдөөнүн негизи катары карап методологиялык үлгүлөрүн өздөштүрүүнүн аракетинде болуп изилдөөлөр жүргүзүлдү.

**Изилдөөнүн объектиси** – Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгеги, **предмети** «Дивандагы» уңгу сөздөр болуп саналат.

**Үчүнчү бап «Дивандагы» уңгу сөздөр боюнча изилдөөдө алынган жекече натыйжалар»** деп аталып, эмгектеги уңгу сөздөрдүн азыркы кыргыз тили менен фонетикалык, лексикалык жана грамматикалык жактан салыштырылып изилдөөгө алынган.

**3.1. Байыркы уңгу сөздөрдүн тыбыштык өзгөчөлүктөрү.** М.Кашкаринин «Диванында» созулма үндүүлөрдүн аз чагылдырылганын көрөбүз. Кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр менен айтылган сөздөр бул байыркы сөздүктө үч тыбыштык тизмектен (V+C+V) турат. «Дивандагы» мындай сөздөр берген маанилери боюнча азыркы кыргыз тилиндеги созулма үндүүлөр менен айтылган сөздөргө туура келет.

Эки үндүү тыбыштын ортосуна келген [г], [в], [ң] үнсүз тыбыштары үндүү тыбыштардын таасири менен жоголуп, созулма үндүүлөргө айланган. *Uğul – уул* [1, 87]; *äŋäk* – ээк, жаактын кошулган жери [1, 137]; *āv* – уу, аңчылык [1, 93]. Сөздүн аягында [в], [г] үнсүз тыбыштары түшүп, созулма үндүү тыбыш пайда болгон: *suv* [C+V+C] – *суу*; açığ [V+C+V+C] – ачуу (диал. аччык).

Созулма үндүүлөр туурасында окумуштуулар арасында эки түрдүү көз караш бар. Биринчилери, созулмалар тыбыштык басымга (акцентация) байланыштуу пайда болгон десе, экинчилери, байыркы созулмалар үндүн созулушунан (вокализация) жана айрым тыбыштардын айкалышынан пайда болгон деп В.Радлов оюн билдирет. Бул пикирди академик Б.М.Юнусалиев да колдойт [И.Султаналиев, 2015: 76].

**Сингармонизм кубулушу**. 1. Үндүүлөрдүн таңдай күүсүнө (жоон же ичкелигине) карата үндөшүүсү; 2.Үндүүлөрдүн эрин күүсүнө (эринчил же эринисиз үндүү болуп айтылышына) карата үндөшүп өзгөрүшү өңдүү толук сингармонизмди түзгөн сөздөр бар. Толук эмес сингармонизм же эринге карай үндөшүүнүн сакталбай калган учурлары да китепте бар экендиги байкалды.

Кыргыз тили менен «Дивандагы» сөздөрдүн тыбыштык үндөшүүлөрү

| **Сингармонизмдин түрлөрү** | **“Дивандагы” мисалдар** | **Кыргыз тилиндеги мисалдар** |
|---|---|---|
| Толук сингармонизм | ütük | үтүк |
| Толук эмес сингармонизм | uzaq | узак |

**Тилге карай үндөшүүнүн бузулушу**. Бир сөздүн ичинде жоон жана ичке үндүүлөрдүн бирдей келип, тилге карай үндөшүүсү бузулган сөздөр: *ühi – үкү*; *çulıq – чулдук* ж.б.

**Эринге карай үндөштүктүн бузулушу**. Сөздүн биринчи муунундагы (у) кийинки муунда турган (а)га таасирин тийгизе албайт. Бул өзгөчөлүк уңгу (тубаса) сөздө жана туунду сөздө да сакталган: *uğlaq* – улак; *uldaŋ – ултан* сыяктуу мисалдар эмгекте бар.

**Үнсүздөрдүн курамы**. «Диванда» геминаттардын колдонулушу мүнөздүү: *ikkiz –эгиз*, *ottuz – отуз.* Кыргыз тилинде сөздүн аягындагы [г] тыбышы [к] тыбышына өтүп айтылат, ал эми «Диванда» сөздүн аягындагы [г] тыбышы менен жазылат *qoşuğ – кошок*, бул позициялык процесстин натыйжасы болуп саналат. Фонетикада тыбыштардын алмашылып сөз башында "й" келсе, анын ордуна кыргыз тилинде "ж" келет: *jaz – жаз*, *jäti – жети*, ж.б. Сөздүн ортосундагы "б" тыбышынын ордуна кыргыз тилинде "п"нын келиши: *aba – апа*; "л"нын ордуна "т"нын айтылышы: *aşlıq – аштык*; "б"нын ордуна "м"нын айтылышы: *qobuz – комуз* ж.б.ушул сыяктуу фонетикалык ар кандай өзгөрүүлөргө учураганы менен маанилери азыркы кыргыз тилинде сакталган.

**3.2. Азыркы кыргыз тилинде фонетикалык өзгөрүүгө учураган сөздөр**

Лексикалык маанилери өзгөрбөгөн сөздөр көп. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегинин жазылганына бир нече кылым өтсө да уңгу сөздөрдүн азыркы кыргыз тилинде фонетикалык, лексикалык жактан өзгөрүлбөстөн: *kül* – күл, *qum* – кум, *äş* – эш сыяктуу сөздөр ошол бойдон сакталып, бири-бирине дал келет.

Профессор Т.К.Акматов тарабынан сунуш кылынган бириктирме үндүүлөр аттуу термин кыргыз тилинде бар: кел+чак=келечек; бол+чак=болочок. Бул жерде кел менен чакты [е], бол менен чакты [о] үндүү тыбышы бириктирди. Ал эми «Диванда» бириктирме үндүүлөрсүз: *käklik* – кекилик; *köprük* – көпүрө; *topraq* – топурак; *uqruq* – укурук. сөздөр кездешет.

**«Дивандагы» лексикалык маанилери өзгөргөн сөздөр.** Кээ бир сөздөрдүн маанилерин билүү максатында: «Диван» Махмуд Кашгари по праву считается ценнейшим памятником тюркских языков XI века. Только благодаря этому труду в настоящее время имеется возможность восстановить архетипы многих слов и форм и дать объяснение некоторым современным явлениям в ряде тюркских языков"деп айтат азербайжан окумуштуусу М.Ш.Ширалиев [Ширалиев, 1972: 29]. «Дивандагы» сөздөр кыргыз тилинде айтылган фонетикалык жактан айырмаланып, лексикалык мааниси бирдей болгон сөздөрдү мисал келтиребиз: *toqum* – сөздүктө союла турган жаныбар деп жазылган. *Согум* көбүнчө жылкыга карата айтылат [Будагов, 1869:708] деп Л.З.Будагов түшүндүрмө берген. Ал эми кыргыз элинде көбүнчө жылкыга

айтылып, союла турган жаныбарды *согум* дейт. «Манас» эпосунан мисал келтиребиз:

*Кышта* ***согум*** *болсун - деп,*

*Беш-алты бээ карысы,*

*Жылкыга көзүн салышты* [С.О. VI. 261]. Кыргыз тилинде *токум*, ээр аттын токулгасы, ээр токуму делет. Биздин оюбузча, Махмуд Кашкаридеги бул сөз *токум* деп транскрипцияланбай *сокум* деп окулуш керек. Анткени союла турган жаныбар *сокум* делет.

*uruq* – аргамжы, аркан [МКк. I. 80]. *Ol maŋa uruq tartışdı* – Ал мага аркан тартышты (керишти). «Дивандагы» *урук* сөзү кыргыз тилинде *аргамжы, аркан* маанисин берет. Ал эми аргамжы, аркан пахтадан, жүндөн ийрилген жипти түшүндүрөт. Кыл аркан; аркан тарттырмай; аркан тартыш, аркан сүйрөш ж.б. Кыргыз тилинде *урук укурук* деген сөздө жолугат.

Азыркы кыргыз тилине карата **көөнөргөн сөздөр.** Коомдогу көрүнүштөр дайыма өзгөрүп, өнүгүп тургандыктан тилдеги сөздүк курам өзгөрүлмөлүү келет. Ал адамдарды өз ара пикир алмашуу талабын камсыз кылуу үчүн дайыма жаңы сөздөр  же синоним сөздөр менен толукталып турат. Тилдин лексикасындагы кээ бир сөздөр, алардын маанилери эскирип, колдонуудан чыгып калышы тилдин өнүгүшүндөгү узак убакытты талап кыла турган татаал процесс экендиги белгилүү. Тактап айтканда, азыркы кыргыз тилиндеги кээ бир көөнөргөн сөздөр Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгеги менен Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунан табылат. Эмгектеги *uçmaq – учмак, бейиш, жаннат* маанисин берсе, эпосто да ушул сөз айтылат.

Кылганыңды сүйлөөдөн

*Учмакты* көздөй учасың,

Нур кызынан  кучасың.

Жаннатты  көздөй жанасың [СО. III. 42].

*bitik* – «Диван-и лугат ат-түрк» боюнча битик сөзүнүн маанилери төмөндөгүлөр: 1. *bitik* – кырг. *китеп*; 2. *bitik* – *кат*. Ошондой эле эмгекте: “*Anıŋ bitigi bälgülük*” – Анын жазуусу белгилүү  3. *bitik* – *тумар* [I. 329] маанисин берет.  *Битик* – жазуу, кат, чыгарма. Кыргыз эпосторунда  “бичик” деп айтылат [Карасаев, 2016: 196]. Азыркы кыргыз тилинде *битик* сөзү эскирген сөз болуп колдонуудан чыккан. Тарыхый романдарда кездешет: “*Колуна куш кондурган, кемер курчанган аксакалдын сүрөт жасаты чегилген заңгел ташка мындай битик түштү*” [Жусупов, 1995: 108]. «Манас» эпосунда *битик “бичик*” формасында айтылып, *касиеттүү китеп* же *бал китеп* маанисин берет:

Арзан киши мен белем,

Билимим сенден кем белем?

*Бичиктен* бир жүз окудум,

Илимим сенден кем белем?   [CO. IV. 134].

**3.3**. **«Дивандагы» байыркы сөздөрдүн жалпы курамы.** Уңгу сөздөрдүн лексикасы, уңгу сөздөр жана алардын кыргыз тили менен байланышы, «Дивандагы» атооч сөздөрдү азыркы кыргыз тили менен салыштырылып иликтөө жүргүзүлдү. XI кылымда жазылган Махмуд Кашкаринин китеби сөздүк болуп эсептелип, анда түрк элдеринин (диалектилеринин) лексикасы чагылдырылган. Китепте адегенде өз заманындагы түрк элдери жана уруулары жөнүндө жазып, аларды жашаган жерлери боюнча мүнөздөп чыгат. Анын китебине дээрлик бардык түрк элдеринин тилинин лексикасы кирген деп эсептөөгө болот. Ошон үчүн «Дивандагы» түрк тилдеринин сөздүк составын ар түрдүү кесиптерди билдирген, ошол кесиптерге байланыштуу болгон сөздөр деп каралып, биринчи кезекте кесипчиликтерге тиешелүү сөздөрдү, анан уңгу сөздөрдү терип, ошолорго анализ жүргүзүлөт. Бир нече лексика-тематикалык топторго ажыратып талданды. Орто кылымдарда жазылган бул сөздүк китепке түрк тилдеринин лексикасынын бардыгы чагылдырылып киргизилген деп айта албайбыз. Себеби, бир нече изилдөөчүлөрдүн, окумуштуулардын болжолдуу эсептери боюнча Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» китебинде болжол менен тогуз миңдин айланасында сөздөр бар. А.Н. Кононовдун айтымында [Кононов, 1972:12] эмгекте болжол менен 7500 тегерегинде сөз бар. З.-А.М.Ауэзова «Түрк сөздөрүнүн алфавиттик индексин» түзүп ага 10211 сөз жана сөз формаларын алфавит тартиби боюнча жайгаштырып [Султаналиев, 2015:154], 6727 маани берген сөз которулуп жазылган. М.Кашгари «Диван-и лугат ат-түрктө» өз алдынча маани берген 7076 сөз жана сөз формаларын (мүчө) берген [Султаналиев, 2015:155].

Ылдыйдагы таблицада келтирилген эсептөөлөр И.Абдувалиев, Т.Ахматов, М.Толубаев, А.Оморов, И.Султаналиевдер тарабынан которулган китеп боюнча жүргүзүлдү.

«Дивандагы» уңгу сөздөрдүн сөз түркүмдөрү боюнча сан эсеби.

| **№** | **“Дивандагы” сөз түркүмдөр** | **Сөздөрдүн саны** |
|---|---|---|
| 1 | Зат атооч сөздөр | 2753 |
| 2 | Сын атооч сөздөр | 652 |
| 3 | Сан атооч | 29 |
| 4 | Ат атооч | 40 |
| 5 | Этиш | 3372 |
| 6 | Башка сөз түркүмдөр. | 402 |
| 7 | Жалпы атооч сөздөр | 3474 |
| 8 | Жалпы сөз | 7248 |

Ошентип, Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү сөздөр 9 же 10 миң сөздүн айланасында болсо да орто кылымдардагы түрк

тилдеринин негизги сөздүк составы чагылдырылган деп айта албайбыз. Ошондо да ар кандай кесипти, өнөрдү, кесипте пайдаланылган жана башка көптөгөн сөздөрдүн бар экенин таап терип алып, аларга лингвистикалык иликтөөлөрдү жүргүздүк. Махмуд Кашкаринин эмгегинен терип алган сөздөрдүн, жогоруда айтылгандай, майда-майда тематикалык топторду салыштырып изилдеп карап чыктык. Кыргыз эли элдик медицина, мергенчилик кылуу, балык кармоочулук, килем токуучулук, сайма саюучулук, кийиз жасоо иштери менен алектенишкен. Андыктан түрк тилдеринин сөздүк составындагы ар түрдүү кесиптерди билдирген «Дивандагы» андай сөздөрдү төмөндөгүдөй лексика-тематикалык топторго бөлүп, эмгекте кезиккен сөздөрдү предметтик принципке ылайык маанилик жактан өз-өзүнчө талдоого алууну туура көрдүк. 1. Табыпчылыкка, элдик медицинага байланыштуу сөздөр. Элдин турмушунда, тиричилигинде ар кандай оорулар, алардан эптеп сакаюулар болот. Кандайдыр ооруп калганда адам ал оорудан айыгууга аракет кылат. Мындай көрүнүш байыркы замандан бери эле келе жаткан көрүнүш болуп эсептелет. Талдоодогу сөздөрдүн биринчиси «Дивандан» мисалдар берилди: *sarığ käzik* – сары оорусу, *talğanik* – талма оорусу. *Талма* – эпилепсия; талмасы кармаган 1) у него припадок эпилепсии [Юдахин, 1965:197] ж.б.у.с. оорулардын аттары боюнча маалыматтар түшүндүрмөлөрү менен берилген. Кээ бир сөздөр тыбыштык жактан бир аз өзгөргөн.

**Устачылыкка байланышкан сөздөр.** «Диванда» *ožmaq* [1, 107] – кол бала, шакирт (окуучу) үйрөнчүк маанисин берет. *Уз* сөзү чебер, уз, өнөрлүү кишини билгизсе ага *уз+мак=узмак*, мында этиштен зат атооч жасоочу мүчөдөн пайда болду. Мисалы, куймак, илмек ж.б. *altun* – алтын [МКк. I. 124]. *U* тыбышынын *ы* тыбышына өтүү менен кыргыз тилинде сакталган. *Ol maŋa kişidä altın saldı* – Ал мага киши үчүн алтын төлөдү. *Qužurğun* – куюшкан [1, 429]. «Манаста» мындай айтылат:

*Аккуланын жарагы,*
*Аңдап көрсө ал дагы*
***Куюшкан,** олоң, басмайыл*
*Ар кайсысын кыскартып* [С.О. VIII. 163].

**Чеберчилик** илгертеден келе жаткан кол өнөрчүлүк болуп эсептелет. Сөздүктө**:** *äriş* – эриш. *Äriş arkak* – эриш-аркак деп колдонулат**.** *Arqaq* – аркак. Бөз, килем сыяктуулардын аркагы. Азыркы кыргыз тилиндеги чеберчиликке байланышкан сөздөрдүн басымдуу бөлүгү эмгекте кездешет.

Бут кийимдер да кишилер тарабынан илгерки замандарда эле жасалып пайдаланылган. **Өтүкчүлүккө** байланыштуу Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө жолуккан кесип сөздөрү азыркы кыргыз тилинде учурайт. Мисалы: *ätük* – өтүк [МКк. I. 82], *är ätükländi* – эр өтүктүү болду. Бул сөз азыркы кыргыз тилинде тыбыштык жактан өзгөрбөй сакталган. *Samda* – жеңил бут кийим (сандал) [МКк. I. 356]. *Сыгзыг* – бут кийимдин эки тарабынан өткөрүлгөн боо [МКтт. I.

799]. Учурда кийимдин тигиштерин бекитүүдө *зигзаг* делип айтылат. *Başaq* – башмак (бут кийимдин бир түрү) [МКк. I. 323]. Бул тери же башка материалдардан, ар кандай калыпта тигилген бут кийим. *Башмак* сөзү да эскирген сөздөрдүн катарын толуктап, ушул сыяктуу өтүкчүлүккө байланышкан кээ бир сөздөр айтылган. Ошону менен бирге кээ бир сөздөр үй буюмдарына, өтүкчүлүккө, тамак-ашка ж.б. байланышкан сөздөр башка тилдерден, мисалы*: үтүк, башмак, зигзак, сандал, йогурт, тавар* ж.б. сыяктуу сөздрдү кезиктирүүгө болот. Учурда азыр деле пайдаланып келет. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө **жаныбарлардын аталыштары** да арбын кездешет. Аларды анын сөздүгүнөн терип алып талдап, азыркы кыргыз тилиндеги аталыштар менен дал келүүлөрүн да карап көрөбүз: *böri* – бөрү. Бул сөз азыркы кыргыз тилинде өзгөртүлгөн эмес.

*Колуна чыбык алыптыр,*
*Каршы алдынан бир* ***бөрү***
*Качырып чыга калыптыр* [С.О. I. 178].

aǯıǧ – аюу [I. 78], aba – аюу (кыпчакча) [I. 97]. Аюу дүйнөнүн көпчүлүк элдеринде эзелтеден тотемдик жаныбар катары белгилүү. Байыркы түрк диалектилеринде бул сөз “azig”, “adig” формаларында айтылганы маалым [Каратаев, 2003: 27]. «Манас» эпосунан мисалдар: *Илбирс, аюу, бөрү бар,*
*баары коркот адамдан* [С.О. VIII. 22]. Кыргыздардын бир уруусу *адыгене* деп аталып, ал *адыг* жана *эне* деген сөздөрдүн бирдигинен пайда болгон. Аюунун тотем катары айтылганына бул уруунун аталышы мисал болот.

«Дивандагы» **канаттуулардын** аталыштары. Эки тилде келтирилген мисалдар К.К.Юдахиндин “Кыргызча-орусча сөздүгүндө” котормолору берилди: *quş* – куш [МКк. I. 287]. *Saçratğudın qorqmış quş qırq jıl ažrı jiğaç üzä qonmas* – Чачыраткыдан корккон куш кырк жыл бутакка конбойт (макал). К.К.Юдахинде: куш – хищная птица, ловчая птица, сокол (общее название); эт жебеген куш болбойт (макал) такой хищной птицы, которая бы не ела мяса, нет, - деп берген [Юдахин,1965: 456]. «Манас» эпосунда берилиши:

Кара жыгач башынан
*Куш* кулады жалп этип [С.О. II. 44].

ular – улар [МКк. I. 125]. *Ularlıǧ taǧ* – уларлуу тоо. Улар – горная индейка (мясо улара киргизы считают не только вкусным, но и целебным, а голос его – благозвучным, хотя он издаёт только свист) [Юдахин, 1985: 303].

Аблатундун сыртынан,
*Улар* тоодон айланып [С.О. V. 101].

Эмгектеги **жылкыга** тиешелүү сөздөр**:** *ažǧır* – айгыр [1, 104], *qızǧul at* – кызгылт (сур) ат [1, 404]. «Дивандагы» жылкыга тиешелүү сөздөр азыркы кыргыз тилинде да айтылат жана окшоштуктары бар. «Манас» эпосунан мисал келтиребиз:

*Айгайын алтай салыптыр,*

*Ачып көздү жумганча*
*Бир тору тай келип калыптыр.*
*Тай өткөн жашы кунандыр* [С.О. I. 163].

**Ат жабдыктарына** тиешелүү аталыштары бар. Эмгекте *qužurğun* – куюшкан, *kömöldürük* – көмөлдүрүк, *otğun* – басмайыл ж.б. сөздөр катталган. **Астрономиялык түшүнүктөр**. Жылдыздардын аттары: *āj* – ай; *buçğağ* – бучкак, жер шарынын бир танабы; *ülkär* – Үркөр жылдызы ж.б. жылдыздардын аттары; жыл мезгилинин ар бирине – жаз, жай, күз, кышка токтолуп, ар биринин бөтөнчөлүктөрү, «Дивандагы» 12 жыл санагы (мүчөл) кыргыз тилинде окшош айтылат. «Дивандагы» **үй буюмдары**: *ajaq* – аяк, кесе, *oçaq* – очок; **тамак-аш**: *süt* – сүт, *tuz* – туз, *āş* – аш ж.б. **Дене түзүлүштөрдүн аттары** Махмуд Кашкаринин эмгегиндеги: *baş* – баш, *qol* – кол, *bäl* – бел ж.б. Эмгектеги **жер жемиштер**: *üzüm* – жүзүм, *örük* – өрүк, *qağun* – коон; **дары чөптөр** бар: *ot* – дары чөп, *ot içtim* – дары (чөп) ичтим; *alma* – алма; *çäçäk – чечек, гүл* кыргыз тилинде *байчечекей* деп айтылат.

**Айлана-чөйрөнү таанып билүүдөгү жалпы түшүнүктөрдүн (абстракция) аталыштары**. Абстракттуу зат атоочтор көз менен ачык-айкын көрүүгө, кол менен кармап билүүгө мүмкүн болбогон, бирок ой жүгүртүү аркылуу аныктала турган заттык түшүнүктөрдү [Давлетов, 1980:47] билдирген сөздөр «Диванда» кездешет. Алардагы сөздөр: *qut – кут*, *ümdü – үмүт*, кыргыз тилинде мааниси кандай болсо дал ошондой түшүнүктү билдирет.

**Мезгилди билдирген сөздөр**. Биздин ата-бабаларыбыз күндүзгү маалды жана жыл мезгилдерин боз үйдүн түндүгүнөн билишчү. Түндүк сааттын ролун аткарган. «Диванда» мезгилди билдирген: *ärtä* – эрте, таң; *iŋir – иңир* ж.б. мезгилди билдирген сөздөр айтылат.

Түрк тилдеринин тектештигин алардын фонетикалык, грамматикалык жактан болгон жакындыгы жана бардык түрк тилдерине орток лексиканын болгондугу далилдейт. Өгүзчө *чөмчии* – кырг. *чөмүч*, сөздүн аягында “и” тамгасынын эки кайталанышы менен жазылган. *Самдаа* – бут кийим (сандал) чыгыл тилинде. *Сандал* сөзү азыр деле бут кийимдин аты айтылат. «Дивандагы» жазылган уруулардын колдонгон сөздөрү басымдуу бөлүгү түшүнүктүү, же болбосо сөздүн формасы сакталган бир аз тыбыштык өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

**3.4. «Дивандагы» уңгу сөздөрдүн өзгөрүү өзгөчөлүктөрү.** Тилдеги сөздөр адамдардын пикир алышуусунда колдонулганда уңгу түрүндө эле айтыла бербей, ар кандай формаларда өзгөрүп айтылып тилдик карым-катышта пайдаланылат. Сөздөрдүн мына ошондой болуп өзгөрө тургандыгы сөздүктөрдө эске алынып сөздүктөр түзүлөт.

Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегинин сөздөрдү ирети менен өзүнө камтыган өзгөчөлүгү башкача. Мисалы, К.К.Юдахин түзгөн кыргызча-орусча сөздүктө, авторлор коллективи түзгөн кыргыз

тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө жана башка сөздүктөрдүн бардыгында сөздөр алфавиттик тартип менен түзүлүп иштелет. Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө андай болбой сөздөр алфавиттик тартип менен тизилип иштелген эмес. Ал сөздөрдү атоочтор, этиштер деп бөлүп жазган. Ошолорду да эки, үч ариптүү сөздөр ж.б. деп тизип сөздөрдү сөздүккө киргизген. Ошону менен бирге «Диванга» сөздөр уңгу түрүндө болуп да, грамматикалык жактан өзгөргөн болуп да киргизиле берген. Мындай тартип менен сөздүктүн түзүлүп жазылышы XI кылымдагы аткарылган Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө болушу, ошол кылымдардагы сөздүк жазуу тартибине ылайык болуп ишке ашырылган болсо керек деп эсептейбиз. Биз Махмуд Кашкаринин «Диванында» сөздөр кандай тартипте жайгашкан болсо да ошол турушундагы сөздүк составындагы уңгу сөздөргө, алардын өзгөргөн түрлөрүнө да анализ жүргүзөбүз.

**Атооч сөздөрүндөгү өзгөчөлүктөр**. Кыргыз тилиндеги сөздөр атоочтор, этиштер, тактоочтор, сырдык сөздөр, тууранды сөздөр жана кызматчы сөз түркүмдөрү болуп түркүмдөргө бөлүнөт. Булардын ичинен атоочтор зат, сын, сан, ат атооч болуп бөлүнөт. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китебинде булар атайын бөлүнбөйт да атооч сөздөр деп гана тизмектелет, алфавиттик тартиби жок эле тизмектелип түшүндүрүлө берет. Ишибизде атооч сөздөрдү кыргыз тилинин орто кылымдагы эстелик менен фонетикалык, лексикалык жана семантикалык жактан окшоштуктар иликтөөгө алынат.

Иштин жүрүшүндө, биз, зат атооч сөздөргө тиешелүү бардык тармактардагы сөздөрдү жогоруда иликтеп көрсөттүк. Жыйынтыгында энчилүү жана жалпы аталыштар, кесипчиликке байланышкан, жер-суу жана географиялык, турмуш-тиричилик, астрономиялык түшүнүктөр кыргыз тилинин байыркы жана орто кылымдагы фонетикалык, лексикалык жана семантикалык жактан окшоштуктарын чагылдырып турат.

**Сын атооч сөздөр**. Заттардын сынын, белгисин, өңүн, сапатын көрсөткөн сын атооч сөздөр эмгекте да орун алган.

Сапаттык сын атоочтор: а) өң-түс жагынан *kök* – көк түс [III. 101], *ār* – сары [I. 92]; б) көлөм, өлчөм, салмак жагынан белгилери: *käŋ* – кең [III. 266], *tar* – тар[III. 111]; в) даам-татык, жыт белгилери: *açığ* – ачуу (диал. аччык) [I. 78]; г) темперамент, мүнөз, моралдык сапат белгилери: *kür* – эр жүрөк. *Kür är* – күр (жүрөктүү) эр [I. 283]; д) температура жагынан белгилери: *ılığ* – жылуу (диал. ылык) [I. 79], *isik* – ысык [I. 85]; е) дене түзүлүшүндөгү өзгөчө белгилери: *bükri* – бүкүр [I. 357]; *qıval* – кыр, кырдач [I. 351].

Катыштык сын атооч. Булар бир затты башка бир затка, орунга, мезгилге ж.б. мамилесине ылайык аныктайт. Бул үчүн катыштык сын уңгуга ар кандай сөз жасоочу мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу ар түрдүү сөз түркүмдөрүнөн

жасалат. Демек, катыштык сындын мааниси уңгу менен ага жалганган мүчөнүн маанисине байланыштуу түшүндүрүлөт.
Сын атоочтун жасалышы.
1.Сын атоочтун атооч сөздөрдөн жасалышы: -***луу*** мүчөсүнүн ордуна -*лык* мүчөсү айтылат: *alımlığ är* – аласалуу эр; *täräklik* – теректүү жер [I. 423]. *Küçlük biläklik kişi* – билеги күчтүү киши.
- ***сыз*** мүчөсү уланган сөздөр: *qutsuz* – кутсуз (бактысыз) [I. 385]; *jolsuz* – жолсуз [III. 32]. *Kajnar ögüz käçiksiz bolmas* – Кирген суу кечүүсүз болбос.
- ***лык*** мүчөсү уланган сөздөр: *çaruqluq* – чарыктык (көк – чарык тигиле турган тери же көктөө үчүн териден тилип даярдалган шоона) [I. 419]; *jamağlıq böz* – жамактык бөз, жамачы үчүн бөз.

**Этиштен жасалган сын атоочтор**. Негиз аркылуу туюндурулган кыймыл-аракеттин натыйжасында же ошого окшошуп жасалма, пайда болмо белгисин билгизет: *köçürmä oçaq*– көчүрмө очок [I. 410], *užıtma*–сүзмө[I. 144].

- ***ынды***. Бул мүчө аркылуу түшүндүрүлгөн кыймыл-аракеттин натыйжасында пайда боло турган белгини туюнтат: *süründi är* – сүрүндү (сүрүлгөн, куулган) эр [I. 379]; *saçındı: saçındı näŋ* – чачынды нерсе [I. 378].

***- чаак*** мүчөсү аркылуу туюндурулган абалга заттын тез, чукул, ашыкча ооп кетме экенин билгизет: *alçaq* – көңүлчөөк, жумшак киши [I. 109]; *basınçaq: basınçaq är* – басынчаак (тартынчаак) эр [I. 417].

***-ыш*** мүчөсү негиз аркылуу туюндурулган маани менен заттын ортосунда жалпылыктан, байланыштын бар экендигин белги катары көрсөтөт: *biliş* – билиш, тааныш [I. 313]; *ažrış* – айрылыш [I. 105]. Жолдун экиге бөлүнгөн жери.

“Диванда” ***–ğan*** мүчөсү менен келген сөздөр кыргыз тилинде *-анак //анаак* мүчөсү уланып, көбүнчө айбандарга тиешелүү белгини билгизет: *ısırğan ıt* – кабанаак, кабанаак ит [I. 155].

Сын атоочтун даражаларында да «Диван» менен кыргыз тилинин олуттуу айырмалары жок.
1.Жай даражада: *kızıl* – кызыл [I. 337], *uzun* – узун [I. 89].
2. Басаңдатма даража: *kökşün* – көгүш, *kökşün näŋ* – көгүш нерсе [I. 370].
3. Салыштырма даража: *andan üstün* – андан бийик.
4. Күчөтмө даражадагы сөздөр: а) *köm kök* [I. 292] – көпкөк, көкмөк; б) «Диванда» *tum* – чым, коюу [I, 292]. Жаныбарлардын өңүнүн коюу экени күчөтүлгөндө колдонула турган жардамчы сөз. *Süm* – абдан, өтө; *süm süçük näŋ* – абдан таттуу нерсе [I, 292]; *çulq* [I, 300] – чылк, сулк сыяктуу күчөтмө бөлүкчө аркылуу жалганат.
**Сан атооч сөздөрдүн эмгекте берилиши**. Эмгектеги сан атооч сөздөр түзүлүшү жана мааниси жагынан кыргыз тилинен анча айырмаланбайт.
**Эсептик сан** атоочтор: *bir* – бир. *Bir tilkü tärisin ikilä sıjrımas – Бир түлкүнүн териси эки жолу сыйырылбас (макал); iki, jigirmä, säkson, toqson* ж.б. Эсептик

сан атоочтор *näçä* – кырг. *рече, канча* деген суроого жооп берет. *Näçä jarmaq bärdiŋ*? – канча жармак бердиң? «Диванда» сөз башындагы [й] тыбышынын ордуна кыргыз тилинде [ж] тыбышы (*jigirmä* – жыйырма) жана *э – и* (*ikki* - эки), *к – г* (toqson – токсон) тыбыштарынан, кээ бир үнсүздөрдүн катар келишинен (*ikki*, *ottuz, ällik*) айырмаланган учурлары кездешет.
**Иреттик сан атоочтор**: *birinç, ikinç, onunç* ж.б. **Чамалама сан атооч**: *dük, dük miŋ* – миңдей [I. 289]. *Dük miŋ jarmaq* – миңдей жармак. **Жамдама сан атооч:** olar ikki tavar satışğan-alışğanlar ol – алар экөө тең дайыма тавар алып сатышкандар; **Топ сан**: *miŋ* – миң [III. 267]. *Birin birin miŋ bolor, tama-tama köl bolor* – бирден-бирден миң болор, тама-тама көл болор (макал).
**Ат атооч** заттарды же алардын белгилерин көрсөтүү (билдирүү) менен дейксистик (чектелген) функцияга ээ. Ошол себептүү ат атооч байыркы сөз түркүмдөрүнөн болуп эсептелет [Сыдыков, 2002:164]. «Диванда» ат атооч сөздөр көп кездешет. Алардын басымдуу бөлүгү айрым гана фонетикалык айырмачылыктары болбосо, жандуу кыргыз тилинен айырмаланбайт: *Bu iş oğurluq boldı – Бул иш өз учурунда болду*. Эмгекте **жактама ат атооч**: *män, sän (siz), ol*. Көптүк санда: *biz, siz, olar.* **Шилтеме ат атоочтор:** *bu: bu är* – бул, бул эр [III. 155]; *ol* – ал, ошол, бул [I. 59]; *äjlä* – ушундай [I. 119]; *manu* – мына.
**Сурама ат атоочтор** эмгекте көп кездешет, бирок тыбыштык өзгөчөлүктөрдү эске албаганда кыргыз тилинде баары айтылат: *kim* – ким? [I. 292]; *nä*? – не, эмне? [III. 160]; *qajda*? – кайда? [III. 129]; *Qajda sän* – кайдасың? *qaç* – канча? [I, 280]. **Аныктама ат атоочтор:** *barça* – баары (диал. барча) [I. 354]; *öz* – өз, өзү [I. 65]; *kändü* – өзү [I. 356]; *qamuğ* – баары [I. 321]. Эмгектеги келтирилген ат атооч сөздөр кыргыз тилинен кезигет. Ат атооч байыркы сөз түркүмдөрүнөн болуп эсептелгендей түрк элдеринде окшоштук жактары көп.

Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китебинде этиш уңгулар сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөргөн көрүнүштөрү менен берилген. Этиш сөздөр да атооч сөздөрдөй эле болуп, эки, үч, төрт, беш, алты ариптүү сөздөр болуп өзүнчө топтор менен жазылган. Булар, этиш сөздөр, биздин изилдөөбүзгө кирбейт.

## Корутунду

Белгилүү түрк аалымы, алгачкы лексикограф, тилчи, тарыхчы-этнограф, географ жана астроном Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгеги азыркы түрк элдери үчүн баалуу казына. Бул энциклопедиялык эмгек орто кылымдагы тил илиминин өнүгүш абалы, өзгөчөлүктөрү тууралуу эң сонун тарыхый булак болуп саналат. Анткени, автор аталган эмгекти мурда эч ким колдонбогон, эч кимге маалым болбогон, өзгөчө тартип менен түзгөндүгүн айткан [МКтт. I. 41]. Көрүнүктүү түрколог А. Н. Кононов, энциклопедиялык баага татыктуу бул эмгекти XI кылымдагы түрктөрдүн өмүрү тууралуу, көп жагдайды көрсөткөн бирден-бир даректеме болуп эсептелерин белгилеген [СТ, 1972: 12]. Бул эмгек мындан он кылым мурдагы түрк тилдеринин

лексикалык каражаттарынын көрүнүшүн бизге жеткиргени менен баалуу. Ошол доордогу түрк урууларынын жайгашкан жерлерин, тарыхы, географиясы, этнографиясы, ошондой эле, орто кылымдагы түрк тилдеринин грамматикалык категорияларынын кыскача түшүнүктөрүн эмгектин ар кайсы беттеринен окууга болот. Ошентип, эмгек азыркы түрк тилдеринин, анын ичинде жандуу кыргыз тилинин тарыхын, тарыхый лексикологиясын, тарыхый грамматикасын жазууга баалуу тилдик материалдарды берет.

Иште Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегиндеги уңгу сөздөрдүн структуралык түзүлүшүнө карата илимий изилдөө иштери жүргүзүлдү. Тактап айтканда, эмгектин башында Махмуд Кашкари (китептин баш сөзүндө) атоочторду эки түрдүү: бири уңгу, экинчиси жасалма атоочтор экендигин көрсөтүп, аларды конкреттүү мисалдардын жардамы менен түшүндүргөн. Колдонуудан чыккан сөздөрдү таштап салып, талабына карап кыскача келтирип, колдонулуучу сөздөрдү туруктуу кылып бекемдегенин эскерткен [МКтт. I. 39].

Диссертацияда «Диван-и лугат ат-түрктөн» алынган мисалдар талданып, алардын түзүлүшүнө маани берип иликтенди. Махмуд Кашкаринин эмгегиндеги сөздөрдүн жандуу кыргыз тилиндеги көрүнүштөрү, тыбыштык, муундук түзүлүшү, айтылышы жана жазылышы жагынан жалпылыгы, өзгөчөлүктөрү салыштырылып, иликтөөгө алынды.

1.Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгеги кыргыз тилине которулуп, кыргыз тили илиминин тарыхына байланыштуу маанилүү маалыматтарды алууга өбөлгө түзүлдү.

2.Эмгек менен кыргыз тилинин байланышкан маселелерин изилдөөдө дагы жаңы илимий ачылыштардын чыгышына шек жок.

3. Сөздүктөгү созулма үндүүлөр айрым үнсүз тыбыштардын түшүрүлүп жана үндүн созулушунан пайда болушу, эмгек менен азыркы кыргыз тилиндеги сөздөр бири-бирине дал келет. Алсак: *uğul* – уул; *bu* – буу, *aşıç busı* – казандын буусу; *bi* – бээ ж.б. мисалдар келтирилген.

4. Эмгектеги сингармонизм мыйзамы сакталган жана сакталбаган учурлары да бар. Айрым сөздөрдүн типтүү фонетикалык жылышууларына иликтөө жүргүзүлдү. Кээ бир сөздөр тыбыштык жактан өзгөрүп кетип, азыр таанылгыс болуп калган.

5. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китебинде түрк тилдеринин сөздөрү алфавиттик тартипте эмес, муундук түзүлүштөгү тартип менен жазылган. Ошол мезгилдин сөздүктөрүнүн тажрыйбасы ушундай болгон болуш керек деген жыйынтыктар чыгарылды. Мына ошол муундук түзүлүштөр «Диван-и лугат ат-түрктө» тамга саны боюнча топторго бөлүнүп берилген. Аны эки, үч, төрт ариптүү ж.б. деп тартип ыраатына келтирип жазып, маанилерин ачып берүүгө аракеттендик. Изилдөөдө сөздүктөгү уңгу сөздөрдү мына ошол тартип ыраааты менен келтирип талдоо жүргүзүлдү.

6. «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китеби менен азыркы кыргыз тилинин фонетикалык жактан да, лексикалык жактан да окшоштуктары көп. Мисалы: оп (оп майда), ат, эш, от, ич ж.б. бир муундуу сөздөр: угут, үгүт, алыш (суунун алышы) ж.б. эки муундуу сөздөр; ачыткан, агыткан, окуткан, унуткан ж.б. көп муундуу сөздөр.

7. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүгүндөгү ар түрдүү кесипке байланыштуу сөздөрдүн дээрлик көпчүлүгүнүн азыркы кыргыз тилинин лексикасында бар. Мисалы: *ириң, укурук, көмөлдүрүк, аркак, бишик, идиш, аңыз, талкан* ж.б.

а) «Диванда» медициналык: *sarığ käzik* – сары кесели, *talğanik* – талма оорусу; балык уулоо: *çabaq* – чабак, *qažıq* – кайык; устачылыкка: *körük* – көрүк, bargan – барскан; жыгаччылык: *bäşık* – бешик, *uq* – уук; чеберчилик: *äriş* – эриш. Äriş arkak – эриш-аркак деп колдонулат. Дыйканчылык: *aşlıq* – буудай, *oğraq* – орок ж.б. сыяктуу сөздөр катталган.

б) Канаттуулар: *tartar* – тартар (куш), *ühi* – үкү; үй жаныбарлары: *äçkü* – эчки, *it* – ит; жаныбарлардын аталыштарында кээ бир фонемалык алмашуулары орун алган. Мисалы: *kirpi* – кирпи, *ıvıq* – кийик, тоо эчки. Кийик сөзү эмгекте *ıvıq* деп айтылат. Сөз башындагы [к] фонемасы айтылбай, [й] тыбышынын ордуна [в] га алмашылып айтылды.

в) Астрономиялык түшүнүктөр: *jäl kögön* – күндүн желеси. *Bulıt* – булут; жылдыздар: *Ärän tüz* – Эрен түз, *Ülkär* – Үркөр (жылдызы) ж.б.

г) Географиялык аталыштар: *Ala* – Алай, *Uç* –Уч (Ош), *Sırt* –Сырт ж.б.

8. «Диванда» кээ бир *börk* – бөрк, *jarp* – жарп, *könäk* – көнөк, *kür* – эр жүрөк, *tümän* – түмөн, *uldaŋ* – ултан, *ärän* – эркектер сыяктуу сөздөр азыркы жандуу кыргыз тилинде сейрек учурап, Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунда, элдик оозеки чыгармаларда кездешип, алар лексикалык корду толуктайт.

9. Сөздүктөгү үй буюмдарына, тамак-ашка ж.б. байланышкан сөздөр, мисалы: *үтүк, башмак, зигзак, сандал, йогурт, тавар* сыяктуу мисалдарды башка тилдерден кезиктирүүгө болот.

10. Зат, сын, сан, ат атооч сөздөрдүн бөлүнүштөрү, алардын морфологиялык түзүлүштөрүн азыркы кыргыз тили менен салыштырып, окшоштук жактарын мисалдар менен көрсөтүлдү.

11. «Диванда» жалпы болжол менен 7248 сөз бар, анын ичинен этиштер 3372 сөз, жалпы атооч сөздөр 3474 сөз, эмгекте зат атооч 2753 сөз, кыргыз тилинде 2270 сөз колдонулуп, 82%ы түзөт; эмгекте сын атооч 652 сөз, 635 сөз кыргыз тилинде колдонулуп, 97%ды; сан атооч эмгекте 29 сөз, кыргыз тилинде 28 сөз айтылып 96%ды; эмгекте ат атооч 40 сөз, кыргыз тилинде 38 сөз ал 95%ды түздү, башка сөз түркүмдөр - 402 сөз, эмгектеги уңгу атооч сөздөрдүн 85%ы азыркы кыргыз тилине катыштыгы бар.

12. Мезгил өтүп, Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» сөздү китебинин жазылган учурунан азыр миң жыл чамасы убакыт өтүп кеткен. Тилди окумуштуулар дайыма өзгөрүү, өнүгүү абалда болот деп айтып келишет. Ушунча убакыт өткөндүктөн тилде, тыбыштык жактарында да, грамматикалык жактарында да, лексикасы боюнча да өзгөрүп кеткен көрүнүштөрү көп. Бул тилдик закон ченемдүү көрүнүш болуп эсептелет.

13. Фонетикада тыбыштык жактан «Дивандагы» *aşuq* – ашык, киши же малдын ашыгы (чүкө), *uluğ* – улук, *anuq* – анык, дайын деген сыяктуу сөздөрдө тыбыштык жактан анча-мынча гана өзгөрүү болгон.

14. Азыркы кыргыз тилиндеги грамматикалык кээ бир каражаттардын байыркы формасы «Диван-и лугат ат-түрк» сөздүк китебинен жолугат. Мисалы, азыркы кыргыз тилиндеги сын атоочторду жасоочу *-луу* мүчөсү байыркы түрү менен *-лык* , *-лыг* болуп айтылган: *atlığ* – аттуу, атчан; *otluğ* – оттуу (оттуу жер); *türlük* – түрдүү; *oqlug* – октуу; *içlik* – ичмек, тердик ж.б.

Ошентип, бул баалуу эстелик эмгек азыркы түрк тилдеринин, анын ичинде азыркы кыргыз тилинин тарыхы, тарыхый лексикологиясы, тарыхый грамматикасы үчүн негизги булак болуп эсептеле тургандыгына материалдар арбын. «Дивандагы» бизге түшүнүксүз болгон лексикалык бирдиктердин Сагынбай Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосунан жолукканы кыргыз тилинин тарыхына тиешелүү материалдардын Махмуд Кашкаринин китебинде кездешкени эмгектин кыргыз тилине жакын экендигинен кабар берет.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**

1. Токошева, Ж. Махмуд Кашгари-түрк элдеринин орто кылымдагы чыгаан окумуштуусу [Текст] / Ж.Токошева // Ош МУнун жарчысы. – 2012. - №2. – 149-151-бб.

2.Токошева, Ж. Махмуд Кашкарин-Барсканинин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегиндеги бир муундуу сөздөр [Текст] / Ж.Токошева // ИСИТО II эл аралык илимий-практикалык конференц. материалдары. – Бишкек, 16.10. 2013. -184-187-бб.

3.Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегиндеги муундук түзүлүштөр [Текст] / Ж.Токошева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. –2014. -242-247-бб.

4. Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегиндеги маанилери өзгөрүп кеткен сөздөр [Текст] / Ж.Токошева // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. –2014. -247-251-бб.

5.Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Дивану лугат ат-түрк» эмгегинин түрк тилдерине которулушу жана иликтениши [Текст] / Ж. Токошева // Ош

МУнун жарчысы. – 2014. -№2. – 49-52-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=30677777

6. Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Дивани лугат ат-түрк» эмгегиндеги маанилери өзгөрбөгөн сөздөр [Текст] /Ж.Токошева // Ош МУнун жарчысы. – 6.11.2014. -№3. – 78-83-бб.

7. Токошева, Ж. Лексика из словаря Махмуда Кашгарского «Дивани лугат ат-тюрк» и ее функционирование в современном кыргызском языке [Текст] /Ж.Токошева // Проблемы современной науки и образования. – Иваново. -2016. - №40. -С. 75-78. https://elibrary.ru/item.asp?id=27693291

8. Токошева, Ж. К истории изучения астрономических, метеорологических понятий и времен года из словаря Махмуда Кашгарского «Дивани лугат ат-тюрк» в проекции на кыргызский язык [Текст] / Ж.Токошева // В мире науки и искусства: вопросы филологии, искусствоведения и культурологии. – №3(70) – Новосибирск, 17 март 2017. -С. 64-69. https://elibrary.ru/item.asp?id=28765177

9. Токошева, Ж. Махмуд Кашгаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегиндеги кээ бир жер-суу аталыштарынын бүгүнкү кыргыз тилинде колдонулушу [Текст] / Ж.Токошева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2018. - №9. -С. 127-136. https://elibrary.ru/item.asp?id=37030567

10. Токошева, Ж. Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегиндеги кол өнөрчүлүккө байланышкан сөздөр [Текст] / Ж.Токошева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2018. - №9. -С. 137-141. https://elibrary.ru/item.asp?id=37030565

11. Токошева, Ж. Использование долгих гласных Махмудом Кашгари в своём труде Диван-и лугат ат-турк» и точки зрения о них сегодняшний день [Текст] /Ж.Токошева // НИЦ МИСИ XII международная научно-практическая конференция «Инновационные исследования как локомотив развития современной науки: от теоретических парадигм к практике». –Москва. -2019. -С. 3-12. Сайт:http://conference-nicmisi.ru

12. Токошева, Ж. Сходство значений слов, связанных с сингармонизмом в кыргызском языке и в труде Махмуда Кашгари «Диван Лугат ат-Турк» [Текст] /Ж.Токошева // Бюллетень науки и практики.- Т.6. №9 - Россия, г. Нижневартовск. – 15 сентябрь 2020. – С. 429-434. https://doi.org/10.33619/2414-2948/58

13. Токошева, Ж. Махмуд Кашгаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгегиндеги кээ бир жылкы аттарынын бүгүнкү кыргыз тилинде колдонулушу [Текст] / Ж.Токошева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2020. -№ 7. –С. 276-280. https://elibrary.ru/item.asp?id=45586239

14. Токошева, Ж. Названия птиц в произведении «Диван лугат ат-Турк» и их употребление в современном кыргызском языке [Текст] / Ж. Токошева

//Бюллетень науки и практики. -Нижневартовск. – июль 2021.  Т.7. - №3. – С. 389-395. https://elibrary.ru/item.asp?id=44884219

15. Токошева, Ж. Названия продуктов питания в произведении Махмуда Кашгари «Диван-и лугат ат-турк» и их употребление в современном кыргызском языке [Текст] / Ж. Токошева // Бюллетень науки и практики.  – Нижневартовск. -2021. Т. 7. -№ 4.  https://elibrary.ru/item.asp?id=45658748

**Токошева Жамила  Аттокуровнанын 10.02.01 – кыргыз тили  адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Махмуд Кашкаринин "Диван-и лугат ат-түрк" сөздүгүндөгү уңгу сөздөр  (атооч сөз түркүмдөрү) жана алардын азыркы кыргыз тилине катыштыгы»  аттуу диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр**: *жазма эстелик, түрк тилдери, созулма үндүүлөр, сингармония, дисгармония, уңгу сөздөр, метатеза, лобиализация, маанилери өзгөрбөгөн, маанилери өзгөргөн, кесипчиликке байланышкан,  лексикалык маани, грамматикалык маани.*

**Изилдөөнүн объектиси** – Махмуд Кашкаринин «Диван-и лугат ат-түрк» эмгеги,  **предмети** «Дивандагы» уңгу сөздөр болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** катары аталган эмгектеги уңгу сөздөрдүн азыркы кыргыз тилиндеги көрүнүшү жана лексика-грамматикалык маанилериндеги өзгөрүүлөрүнүн аныкталышы, өзгөрүүлөрдүн себептеринин ачылышы жана сөздөрдүн байыркы көрүнүштөрү менен азыркыларын салыштыруу болуп саналат.

Изилдөө **методдору** катары байкоо, сыпаттама, салыштырма, салыштырма-тарыхый талдоонун ыкмалары жана жолдору колдонулду.

**Изилдөөдөн алынган натыйжалар жана анын жаңылыгы:**

1) Махмуд Кашкаринин сөздүгүндөгү атоочтук уңгулардын сандык-сапаттык көрсөткүчтөрү аныкталды;

2) сөздүктөгү уңгулардын азыркы кыргыз тилиндеги шайкештиктери белгиленди, алардагы семантикалык жылыштар, өзгөрүүлөр, өтмө маанилер көрсөтүлдү;

3) Махмуд Кашкаринин лугатында чагылдырылган атооч уңгу сөздөр лексика-тематикалык топторго бөлүштүрүлдү; алардын маани-маңызы кыргыз жана башка түрк тилдеринин факты-материалдары менен салыштырылды;

4) байыркы түрк тилиндеги сөздөрдүн тыбыштык турпаты, алардын сингармонизмди уюштуруучу касиеттери кыргыз тилинин материалында толук сыпаттоого алынды.

**Колдонуу чөйрөсү.** Жыйналган мисалдар азыркы кыргыз тили боюнча сабактарда пайдаланылса болот. Ал эми лексикалык материалдардын иликтениши, азыркы кыргыз тилинде мааниси сакталган, өзгөрүлгөн сөздөрдүн жолугушу тилдеги байыркы сөздөрдүн сакталып келаткандыгын көрсөтүп, тарыхый лексикологиянын иштелишине материал болуп бере алат.


**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Токошевой Жамилы Аттокуровны на тему: «Корневые слова (именные части речи) в словаре Махмуда Кашкари “Диван-и лугат ат-түрк” и их отношение к современному кыргызскому языку» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.01 – кыргызский язык.**

**Ключевые слова**: *письменный памятник, тюркские языки, долгие гласные, сингармония, дисгармония, корневые слова, метатеза, лобиализация, изменившие значение, не изменившие значение, профессионализмы, лексическое значение, грамматическое значение.*

**Объектом исследования** является произведение Махмуда Кашкари «Диван-и лугат ат-турк», **предметом** являются корневые слова произведения.

**Цель** исследования: выявление изменений лексических и грамматических значений корневых слов в современном кыргызском языке, выявление и сравнение причин этих изменений.

В качестве **методов** исследования использовались методы и приемы наблюдения, описания, сравнения, сравнительно-исторического анализа.

**Научная новизна полученных результатов:**

1) определены количественно-качественные показатели именных основ в словаре Махмуда Кашгари;

2) определены соответствия основ из словаря в современном кыргызском языке, указаны их семантические сдвиги, изменения и переносные значения.

3) именные основы, представленные в словаре Махмуда Кашгари, были распределены по лексико-тематическим группам; их значение и смысл сопоставлены с фактическими материалами кыргызского и других тюркских языков.

4) звуковая форма слов в древнетюркском языке, их свойства, организующие сингармонизм, были полностью описаны на материале кыргызского языка.

**Область применения:** результаты работы дают ценные материалы по истории кыргызского языка (включая тюркские языки), исторической лексикологии, исторической грамматике. Так же результаты могут быть использованы в исследованиях о корнях слов, изменивших фонетическую структуру, в написании этимологических и исторических словарей.

Материалы диссертации могут быть использованы в лекциях вуза по истории языка, тюркологии, лексикографии.


**SUMMARY**

**Tokosheva Zhamila Attokurovna's dissertation on the topic: «Root words (nominal parts of speech) in the work of Mahmud Kashgari» Divan-i lugat at-Turk «and their relationship to the modern Kyrgyz language» for the degree of candidate of philological sciences, specialty 10.02.01 - Kyrgyz language.**

**Key words:** *written monument, Turkic languages, long vowels, vowel harmony, disharmony, root words, metathesis, lobialization, changing meaning, not changing meaning, professionalism, lexical meaning, grammatical meaning, functional words*.

**The object** of the research is the work of Mahmud Kashgari «Divan-i lugat at-Turk», **the subject** is the root words of the work.

**Purpose** of the study: identification of changes in the lexical and grammatical meanings of root words in the modern Kyrgyz language, identification and comparison of the reasons for these changes.

Methods and techniques of observation, description, comparison, comparative historical analysis were used as research **methods**.

**Scientific novelty of the obtained results:**

1. Quantitative and qualitative indicators of nominal bases in the dictionary of Mahmud Kashgari have been determined.
2. The correspondences of the bases from the dictionary in the modern Kyrgyz language have been determined, and their semantic shifts, changes, and figurative meanings have been identified.
3. The nominal bases presented in Mahmud Kashgari's dictionary have been classified into lexical and thematic groups; their meanings and significance have been compared with factual materials from the Kyrgyz and other Turkic languages.
4. The phonetic form of words in the Old Turkic language, as well as their properties organizing synharmonism, have been fully described based on the material of the Kyrgyz language.

**Scope:** the results of the work provide valuable materials on the history of the Kyrgyz language (including the Turkic languages), historical lexicology, historical grammar. The results can also be used in research on the roots of words that have changed the phonetic structure, in writing etymological and historical dictionaries. The dissertation materials can be used in university lectures on the history of language, Turkology, lexicography.